# БАЛА ҮЧҮН ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮНҮН МААНИСИ



## ЭНЕ СҮТҮ

- √ баланын өөрчүп-өсүү процессиндеги керектөөлөрүн канааттандырган мыкты азык болуп саналат
- √ көптөгөн инфекциялардан коргойт жана баланын суук тийген сезгенүү ооруларынан чарчап калуусуна бөгөт коёт
- √ келечекте аллергия, өспүрүмдөрдүн кант диабети, кан басымдын жогорулашы жана толуп кетүү сыяктуу оорулары бар үй-бүлөлөрдө дагы алардын келип чыгуу тобокелчилигин азайтат
- √ ичүүгө даяр

**ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮ БАЛАНЫН ЖААКТАРЫНЫН, ТИЛИНИН БУЛЧУҢДАРЫНЫН ЖАНА ЕВСТАХИЕВ ТҮТҮГҮНҮН (мурун көңдөйү менен кулакты бириктирген түтүк) ӨНҮГҮШҮНӨ ЖАРДАМ БЕРЕТ**

**ЖЫЙЫНТЫГЫНДА:**

- √ кулак ооруларынын өөрчүү мүмкүнчүлүктөрү азаят
- √ сүйлөө тактыгы жакшырат
- √ тиштерди кариес оорусунан коргойт
- √ жаактардын жана тиштөөнүн туура эмес калыптануу коркунучу азаят

**ЭМЧЕК ЭМБЕГЕН БАЛДАР ТӨМӨНДӨГҮ ООРУЛАРГА КӨБҮРӨӨК ЧАЛДЫГЫШАТ:**

- √ ич өткөк
- √ дем алуу жолдорунун инфекциялары
- √ заара жолдорунун инфекциялары
- √ экзема жана башка аллергия оорулары
- √ ичегинин некроздук сезгенүүсү (ичегинин оор жабыркашы), өзгөчө ара төрөлгөн ымыркайларда
- √ бой жеткенде өспүрүмдөрдүн кант диабети, жогорку кан басым жана толуп кетүү, жүрөк оорулары